| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>НАРЫН ОБЛУСУ<br>ЖУМГАЛ РАЙОНУ<br>ЖАНЫ-АРЫК АЙЫЛДЫК<br>КЕНЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>НАРЫНСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ЖУМГАЛЬСКИЙ РАЙОН<br>ЖАНЫ-АРЫКСКИЙ АЙЫЛНЫЙ<br>КЕНЕШ |
|---|---|---|

**Жаны-Арык айылдык Кенешинин XXVIII-чакырылышынын**
**V-кезексиз сессиясынын**
**Токтому №10/1**

Жаны-Арык айылы 2022-жылдын 8-июлу

**Жаны-Арык айылдык кеңешинин инвестиция тартуу, бюджет жана мандат туруктуу комиссиясынын атылышына өзгөртүү киргизүү жөнүндө**

«Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» Мыйзамынын 34, 36–беренелерин жетекчиликке алып, Жаны-Арык айылдык кеңешинин инвестиция тартуу, бюджет жана мандат туруктуу комиссиясына этика маселелери боюнча иш алып баруу жагын кошумча жүктөө жөнүндө депутаттардын билдирүүлөрүн угуп жана талкуулап, Жаны-Арык айылдык кенешинин V-кезексиз сессиясы, **токтом кылат:**

1. Жаны-Арык айылдык кеңешинин инвестиция тартуу, бюджет жана мандат туруктуу комиссиясына этика маселелери боюнча кошумча милдет жүктөлүп, мындан ары инвестиция тартуу, бюджет, мандат жана этика маселелери боюнча туруктуу комиссия болуп аталсын;

2. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын өзүмө калтырам.

**Төрайым:** **М.Акматалиева**